**100105 – «Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу» адистиги үчүн**

**«География» дисциплинасы боюнча баалоо каражаттарынын фондусу (ФОС)**

| **Контролдук модулдук суроолор** | **Доклад темалары** | **Тестирлөө** | **СӨИ темалары** |
|---|---|---|---|
| 1. Саясий кубулуштардын жана процесстердин аймактык дифференциациясы жөнүндөгү илим?<br>2. Республикалык башкаруу формасындагы мамлекеттердин өзгөчөлүгү эмнеде?<br>3. Дүйнөнүн саясий картасындагы федеративдик мамлекеттердин мисалдары.<br>4. Конституциялык монархия деген эмне?<br>5. Дүйнөдөгү эң чоң аралдык мамлекетти атаңыз (Латын Америкасында).<br>6. Малакка жарым аралында жайгашкан мамлекеттер кайсылар?<br>7. Суу ресурстары менен камсыз болушу боюнча кайсы регион биринчи орунда турат?<br>8. Бокситтин запасы боюнча биринчи орундагы мамлекет?<br>9. Географиялык чөйрө деген эмне?<br>10. Нефть өндүрүү боюнча кайсы регион лидерлик кылат? | 1. Дүйнөнүн заманбап саясий картасынын калыптануу этаптары.<br>2. Мамлекеттердин башкаруу формалары: монархия жана республика.<br>3. Дүйнө өлкөлөрүнүн аймактык-мамлекеттик түзүлүшү: унитардык жана федеративдик мамлекеттер.<br>4. Геосаясаттын негиздери жана заманбап дүйнөдөгү ролу. Жаратылыш ресурстары жана экология<br>5. Жаратылыш ресурстарынын дүйнөлүк запастары жана аларды пайдалануунун географиясы.<br>6. Отун-энергетикалык ресурстар (нефть, газ, көмүр) жана дүйнөлүк лидер мамлекеттер.<br>7. Дүйнөлүк океандын ресурстары жана аларды коргоо көйгөйлөрү.<br>8. Туруктуу өнүгүү концепциясынын маңызы жана мааниси. | 1. Дүйнөнүн саясий картасында түс фону менен эмне белгиленет? А) Тоолор Б) Мамлекеттердин аймагы В) Калктын жыштыгы Г) Климаттык алкактар<br>2. Монархиялык башкаруу формасы кайсы өлкөгө мүнөздүү? А) АКШ Б) Улуу Британия В) Франция Г) Россия<br>3. Федеративдик түзүлүштөгү мамлекет? А) Япония Б) Германия В) Италия Г) Египет<br>4. Тузсуз суунун эң ири запасы кайсы жерде топтолгон? А) Дарыяларда Б) Мөңгүлөрдө В) Көлдөрдө Г) Жер астындагы сууларда<br>5. Нефть экспорттоочу өлкөлөрдүн уюму? А) НАТО Б) ОПЕК В) ЕБ Г) ЮНЕСКО<br>6. Урбанизация — бул... А) Калктын санынын өсүшү Б) Шаарлардын ролунун жогорулашы В) Калктын миграциясы Г) Табигый өсүү<br>7. Дүйнөдө калкынын саны боюнча 1-орундагы өлкө (2025- | 1. Дүйнөнүн заманбап саясий картасынын калыптануу этаптары.<br>2. Мамлекеттердин башкаруу формалары жана түзүлүшү боюнча классификациясы.<br>3. Жаратылыш ресурстарынын дүйнөлүк запастары жана аларды пайдалануу.<br>4. Адамзаттын глобалдык азык-түлүк көйгөйү.<br>5. Дүйнө калкынын миграциясы: себептери жана натыйжалары.<br>6. Урбанизация процесси жана анын заманбап өзгөчөлүктөрү.<br>7. Дүйнөлүк диндердин географиялык жайгашуусу.<br>8. Илимий-техникалык революция жана дүйнөлүк чарбанын түзүлүшү.<br>9. Отун-энергетикалык комплекс (ОЭК): абалы жана келечеги.<br>10. Дүйнөлүк транспорт системасынын өнүгүү тенденциялары.<br>11. Геоэкологиянын негизги максаттары жана милдеттери.<br>12. Атмосферанын булганышы жана «парник эффектиси». |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 11. Калыбына келүүчү жана калыбына келбөөчү жаратылыш ресурстары.<br>12. Көмүр казып алуу боюнча Кытайдын дүйнөдөгү орду?<br>13. Калкты кайра өндүрүүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн изилдөөчү илим?<br>14. Дүйнөлүк чарбадагы НТР (Илимий-техникалык революция) түшүнүгү.<br>15. Геоэкология илими эмнени изилдейт?<br>16. Геосфералар деген эмне?<br>17. Озон тешиктеринин пайда болуу себептери жана кесепеттери.<br>18. Глобалдык булганууга алып келүүчү техногендик объекттер.<br>19. Транспорттун түрлөрүнүн курчап турган чөйрөгө тийгизген таасири.<br>20. Деградацияга учураган топурактар кайсы өлкөлөрдө көбүрөөк кездешет?<br>21. Дүйнөдөгү эң чоң токой аянттары кайсы региондо жайгашкан?<br>22. Магматикалык пайдалуу кендерге эмнелер кирет?<br>23. Туруктуу өнүгүү (Устойчивое развитие) концепциясынын маңызы? | 9. Заманбап экологиялык көйгөйлөр жана аларды чечүү жолдору.<br>10. Кыргызстандын заманбап экологиялык көйгөйлөрү.<br>11. «Менин экологиялык изим» — жеке керектөөнү талдоо.<br>Калктын географиясы жана урбанизация<br>12. Дүйнө калкынын саны, табигый өсүшү жана кайра өндүрүлүүсү.<br>13. Калктын миграциясы: себептери, түрлөрү жана натыйжалары.<br>14. Урбанизация процесси жана анын заманбап өзгөчөлүктөрү.<br>15. Дүйнөлүк диндердин географиялык жайылышы жана маданияттардын көп түрдүүлүгү.<br>Дүйнөлүк чарба жана илимий-техникалык прогресс<br>16. Илимий-техникалык революция (НТР) жана анын дүйнөлүк чарбага тийгизген таасири.<br>17. Дүйнөлүк транспорт системасынын өнүгүү багыттары.<br>18. Отун-энергетикалык комплекс (ОЭК) жана анын түзүлүшү.<br>19. Дүйнөлүк айыл чарбасынын өнүгүүсү жана «жашыл революция». | жылга карата)? А) Россия Б) Кытай В) Индия Г) АКШ<br>8. «Хонда» корпорациясы кайсы өлкөгө таандык? А) Корея Б) Кытай В) Япония Г) АКШ<br>9. Озон катмары атмосферанын кайсы бөлүгүндө жайгашкан? А) Тропосфера Б) Стратосфера В) Мезосфера Г) Экзосфера<br>10. Көмүр өндүрүү боюнча алдыңкы өлкө? А) Кытай Б) Бразилия В) Франция Г) Нигерия<br>11. Демография илими эмнени изилдейт? А) Жаратылышты Б) Калкты В) Кен байлыктарды Г) Мамлекеттик чек араны<br>12. Индиянын борбору кайсы шаар? А) Мумбай Б) Нью-Дели В) Калькутта Г) Ченнаи<br>13. Эң көп токой аянты бар өлкө? А) Россия Б) Сауд Арабиясы В) Египет Г) Монголия<br>14. Жер шарында канча минералдык түр бар? А) 500 Б) 1000 В) 3000ден ашык Г) 100<br>15. Туруктуу өнүгүү концепциясы кайсы жылы кабыл алынган? А) 1945 Б) 1992 В) 2010 Г) 1800<br>16. Европа Биримдигинин (ЕБ) штаб-квартирасы кайсы | 13. Дүйнөлүк океандын ресурстары жана аларды коргоо.<br>14. «Туруктуу өнүгүү» — адамзаттын келечеги катары.<br>15. Чет элдик Европа: жаратылыш ресурстары жана калкы.<br>16. Германиянын экономикалык-географиялык мүнөздөмөсү.<br>17. Япония — «Күн чыгыш өлкөсү»: экономикалык феномени.<br>18. Кытайдын дүйнөлүк экономикадагы ролу.<br>19. Индиянын демографиялык саясаты.<br>20. АКШ — дүйнөлүк лидер: чарбасынын түзүлүшү.<br>21. Латын Америкасынын өнүгүп келе жаткан өлкөлөрү.<br>22. Африканын экологиялык жана социалдык көйгөйлөрү.<br>23. Австралия союзу: экономикалык жана географиялык өзгөчөлүктөрү.<br>24. Кыргызстандын эл аралык эмгек бөлүштүрүүдөгү орду.<br>25. Глобалдык экологиялык мониторинг.<br>26. Биологиялык ресурстар жана аларды сактоо жолдору.<br>27. Космостук жана рекреациялык ресурстар.<br>28. Дүйнөлүк айыл чарбасы жана «жашыл революция». |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 24. Кыргызстандагы заманбап экологиялык көйгөйлөр.<br>25. Чыгыш Европа өлкөлөрүндөгү демографиялык абал (табигый өсүү).<br>26. Электр энергиясын өндүрүүдө кайсы ресурс негизги болуп саналат?<br>27. Африка — адамзаттын мекени (түшүнүк).<br>28. Темир кендерин казып алуу боюнча дүйнөлүк лидерлер.<br>29. АСЕАН уюмуна кирген мамлекеттер.<br>30. Түндүк Европа өлкөлөрүнүн экономикалык мүнөздөмөсү. | Региондор жана өлкөлөр боюнча мүнөздөмө<br>20. Чет өлкөлүк Европа: жаратылыш ресурстары жана экономикалык мүнөздөмөсү.<br>21. Япония – «Күн чыгыш өлкөсү»: экономикалык өнүгүү феномени.<br>22. Кытайдын дүйнөлүк экономикадагы орду жана өнүгүү келечеги.<br>23. Индиянын демографиялык жана экономикалык өзгөчөлүктөрү.<br>24. АКШнын экономикалык-географиялык мүнөздөмөсү.<br>25. Латын Америкасынын өлкөлөрү: Бразилия, Мексика, Аргентина.<br>26. Африка регионунун жаратылыш ресурстары жана өнүгүү көйгөйлөрү.<br>27. Австралия союзунун экономикалык-географиялык абалы | шаарда? А) Лондон Б) Париж В) Брюссель Г) Берлин<br>17. Африкадагы эң өнүккөн өлкө? А) Чад Б) ЮАР В) Сомали Г) Судан<br>18. Дүйнөлүк океандын эң терең жери? А) Гренландия Б) Мариан кооту В) Каспий Г) Байкал<br>19. Темир рудасынын кени «Кируна» кайсы өлкөдө? А) Швеция Б) Египет В) Индия Г) Бразилия<br>20. Калктын табигый азайышы (депопуляция) кайсы регионго мүнөздүү? А) Латын Америкасы Б) Чыгыш Европа В) Африка Г) Түштүк Азия<br>21. Туздуу сууну тузсуздандыруу боюнча лидер өлкө? А) Кувейт Б) Россия В) Канада Г) Бразилия<br>22. Ватикан мамлекети кайсы шаардын ичинде жайгашкан? А) Париж Б) Рим В) Мадрид Г) Вена<br>23. Курчап турган чөйрөнү коргоо күнү? А) 1-май Б) 5-июнь В) 31-август Г) 1-январь<br>24. Эң ири темир жол тармагы кайсы өлкөдө? А) АКШ Б) Чад В) Непал Г) Ливия | 29. Саясий география жана геосаясаттын негиздери.<br>30. Менин экологиялык изим (практикалык талдоо). |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | 25. Дүйнөдөгү эң чоң мамлекет (аймагы боюнча)? А) Канада Б) Кытай В) Россия Г) Бразилия<br>26. «Күн чыгыш өлкөсү» деп кимди аташат? А) Япония Б) Вьетнам В) Индонезия Г) Таиланд<br>27. Нил дарыясы кайсы өлкө аркылуу агат? А) Бразилия Б) Египет В) Кытай Г) АКШ<br>28. АСЕАН — бул кайсы региондун уюму? А) Түштүк-Чыгыш Азия Б) Европа В) Африка Г) Түндүк Америка<br>29. Латын Америкасындагы португал тилдүү өлкө? А) Аргентина Б) Бразилия В) Чили Г) Перу<br>30. Кыргызстандын эң бийик чокусу? А) Ленин Б) Жеңиш В) Хан-Теңири Г) Манас | |

«География» дисциплинасы боюнча баалоо структурасы:

**1. Баллдык-рейтингдик система (Жалпы 100 балл)**

Колледждин талаптарына ылайык, студенттин билими төмөнкү компоненттер аркылуу бааланат:

- СӨИ (Студенттин өздүк иши): 24–40 балл.
- ТРК (Текущий рейтинг-контроль): 18–30 балл. Бул лекциялык жана практикалык сабактардагы активдүүлүк, оозеки жооптор үчүн берилет.
- МРК (Модулдук рейтинг-контроль): 18–30 балл. Семестр ичиндеги эки модулдук тестирлөөнүн же сурамжылоонун жыйынтыгы.

- Жыйынтыктоочу аттестация (Зачет): 10–20 балл.

**2. Баалоо шкаласы жана критерийлери**

Студенттин топтогон упайларына жараша төмөнкүдөй баалар коюлат:

- 86–100 балл («5» – эң жакшы): Студент материалды терең өздөштүрсө, теорияны практика менен байланыштыра алса жана тапшырмаларды өз убагында, тыкан аткарса коюлат.
- 76–85 балл («4» – жакшы): Материалды бекем билсе, мазмундуу баяндаса, бирок жасалгалоодо же айрым деталдарда анча чоң эмес кемчиликтер болсо коюлат.
- 60–75 балл («3» – канааттандырарлык): Негизги материалды гана билсе, бирок аныкталмаларда ката кетирсе же практикалык иштерди аткарууда кыйынчылыкка учураса коюлат.
- 0–59 балл («2» – начар): Программалык материалдын чоң бөлүгүн билбесе, маанилүү каталарга жол берсе.

**3. Баалоонун формалары жана усулдары**

География предмети боюнча баалоо төмөнкү иш-аракеттерди камтыйт:

- Оозеки сурамжылоо: Практикалык сабактарда ар бир тема боюнча жүргүзүлөт.
- Модулдук текшерүү: Программадагы 2 модулдун суроолоруна жооп берүү (мисалы: дүйнөнүн саясий картасы, жаратылыш ресурстары, калктын географиясы ж.б.).
- Практикалык иштер: Экономикалык-географиялык мүнөздөмөлөрдү түзүү, салыштырма таблицаларды толтуруу
- Өздүк иштер (СӨИ): Рефераттарды жазуу, презентацияларды даярдоо жана экологиялык мониторинг жүргүзүү

Студент доклад же студенттин өздүк ишинин темаларын тандоо укугу бар.

Бул структура география дисциплинасын окутуунун натыйжалуулугун жана студенттин компетенттүүлүгүн объективдүү баалоого мүмкүндүк берет.